**«Гулгун жаш»**
**Созу:Эсенгул Ибраев**
**Обону:Арзыбек Бедияров**
**Өткөн өмүр өкүнтөт, айла барбы,**
**Өкүнгөндө же табар пайда барбы?**
**Күлкү менен,шат менен таңды атырган,**
**Гулгун жаш, эй,гулгун жаш,**
**Жалын жаш, эй жалын жаш, кайда калды?**
**Кайда калды?**

**Жылаңайлак суу кечкен сайда калды,**
**Жылгалардан гүл терген жайда калды.**
**Ишке тойбой, шан менен күн батырган,**
**Гулгун жаш, эй,гулгун жаш,**
**Жалын жаш, эй жалын жаш,**
**Кайда калды, кайда калды?**

**Ташты эритээр сендеги чоктун деми,**
**Кайсы топко алпарып коштуң мени?**
**Айрылгым жок, айрылбас аргам да жок,**
**Кош бол, менин алтыным**
**Кош бол,жалын жаштыгым.**
**Кош бол эми, кош бол эми**
**Кош бол эми, кош бол эми…**